## 21-февраль -Эл аралык эне тил күнү

КРдин ББИМ тарабынан 2023-жылдын 1-январында бекитилген №171/1буйругунун негизинде "КЭАУ" Академиялык консорциуму КРЭАУнун Борбордук кампусу, Батыш кампусу, Чыгыш кампусу, сыяктуу ЖОЖдор аралык жана "КЭАУ" орто кесиптик билим берүү мекемелери БИК, ПК окуу жайлар арасында 2023-жылдын 22-январында "Тил-достуктун ачкычы" аттуу шайыр тапкычтар клубу болуп өттү. **Иш чаранын максаты:** улуттар аралык биримдикти жана бүтүндүктү чыңдоо аркылуу эне тилинин ааламдашуудагы ордун изилдөө саналат.

ШТКнын өткөрүү тартиби жана шарттары: 1. Саламдашуу (3мүнөт) 2. Үй тапшырма (7мүнөт) 3. Суроо-жооп таймашы (5мүнөт).

"Бишкек инновациялык колледжи" мекемесинен ШТКга катышуучу студенттерди кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабактарынын улук окутуучулары: Тагаева Гүлзат Аликовна, Абдылдаева Бегайым Орозакуновна, Абылкасымова Рита Тургуналиевналар даярдашты. Конкурстун эрежесине ылайык "Бишкек инновациялык колледжи" мекемесинен 8 студент катышты. Алар:

1. Нурланов Ынтымак - ИЯ-2-21;
2. Сыргабекова Алтынай - БУ-1-22;
3. Абдыкапарова Бермет - А-1-21;
4. Бейшенкулова Жибек - ИЯ-2-21;
5. Тургунбаев Актан - Ю-2-22;
6. Турдалиева Севинч -ИЯ - 2-21;
7. Таалайбеков Максат - А-1-21;
8. Атагелдиева Элиза - ИЯ- 1-22.

**1. Саламдашуу бөлүмүндө:** "Бишкек инновациялык колледжи" мекемеси өз тайпасынын атын "МУРАС" деп аташты. Жогорудагы студенттерибиз тээ байыртан Мурас болуп келе жаткан каада-салтыбызды, маданиятыбызды, тилибизди саламдашууда даңкташып, аларды сактоого, аздектөөгө чакырышты. Ошондой эле ар бир улут үчүн өз эне тили ыйык экендигин белгилешип, **тил-достуктун ачкычы боло ала турганын айгинелешти.**

**2. Үй тапшырма бөлүмүндө:** "Тил-достуктун ачкычы" деген темада БИК мекемеси үй тапшырманы эки түрдө көрсөтүп беришти. Биринчисинде ТСО түрүндө дикциясы, тембри, басымы так сакталган эң мыкты 3 мүнөттүк слайд жана экинчисинде артисттик жөндөмдүүлүктөрүн, чеберчиликтерин көрсөтүү максатында жандуу үн менен сахналаштыруу түрүндө аткарып беришти.

Слайддын мазмуну төмөндөгүдөй темаларды камтыды: 1. Эл аралык эне тил күнүнүн чыгыш тарыхы; 2. Дүйнөлүк тилдердин бүлөөлөрү. Алтай бүлөөсү; 3. Ч. Айтматов – кош тилдүү (биллингвист) жазуучу. Максаты: Кыргыз Республикасынын баш мыйзамына ылайык өлкөдө жашаган ар бир этнос өзүнүн тилин сактап жана өнүктүрүүгө укуктуу экендигин көрсөтүү болуп саналды.

Экинчи түрдөгү тапшырманын темасы: ""Тил - достуктун ачкычы" Ч. Айтматовдун чыгармаларынын негизинде" деп аталды. Мында "Бишкек инновациялык колледжи" мекемесинин студенттери өздөрүнүн артисттик чеберчиликтерин жандуу үн менен кош тилдүү, даанышман - Ч.Айтматовдун чыгармаларын кыргыз, кытай, англис тилдеринде тартуулашты. Алар төмөндөгүлөр: 1) Ч.Айтматовдун "Ак кеме" повестиндеги "Бугу Эне" уламышынан үзүндүнү кыргыз тилдеринде:

Аткаруучулар:

1. Бугу эне - Атагелдиева Элиза - ИЯ - 1-22
2. Жез кемпир - Бейшенкулова Жибек – ИЯ-2-21
3. Кыз – Кулматова Каныкей -1-класс
4. Бала – Абдукапаров Актан – 1-класс

2) Ч. Айтматовдун “Чыңгызхандын ак булуту” повестиндеги Алтундун монологун кыргыз жана кытай тилдеринде:

Аткаруучулар:

1. Миртемир кызы Айкелди - К-1-21
2. Ниязова Мырзайым - К-1-21

3) Ч. Айтматовдун “Саманчынын жолу” повестиндеги “Майсалбектин катын” англис тилинде:

Аткаруучу: Бостонов Эркинбек -А-3-21.

Үй тапшырманын аягында ШТКга катышуучу студенттер дүйнөгө азык болуп келе жаткан Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын, комуздун кылдары менен ырдалган күүлөрүбүздү, ата бабабыздан калган улуу тилибизди, Ата Журтубузду көзүбүздүн карегиндей аздектеп сактоого, урпактарыбызга мурас кылып берүүгө жаштарды үндөштү.

**3. Суроо-жооп таймашында:** Ар бир тайпадан экиден студенттер сахнага чакырылды. ШТКга катышкан тайпалар бири-бирине суроолорду беришип, туура жоопторду калыстар тобу баалашты.

ШТКнын жыйынтыгында орто кесиптик билим берүү мекемелеринин арасында БИК мекемеси 2-орунга ээ болду. Уюштуруучулар тарабынан катышуучулар диплом жана баалуу белектер менен сыйланышты.

Даярдаган: кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабактарынын улук окутуучусу, эл агартуунун отличниги Тагаева Гүлзат Аликовна.







